**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**АК-ТЕРЕК**

---

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын V кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 27-марты №65 — Кара-Коо айылы

**Тоң райондук өнүктүрүү фондусуна долбоор сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", Жергиликтүү Кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык, жана жергиликтүү элдин жашоо шарттарын оңдоо ирээтинде Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевдин сунушун угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл өкмөтү тарабынан сунушталган Тогуз-Булак айылынын тургундарын үзгүлтүксүз таза суу менен камсыз кылуу максатында насос сатып алуу үчүн долбоордук сметалык документтери жактырылсын.

2. Ак-Терек айыл аймагындагы Тогуз-Булак айылынын тургундарын үзгүлтүксүз таза суу менен камсыз кылуу максатында насос сатып алуу үчүн долбоордук сметалык документтери Тоң райондук өнүктүрүү фондусуна сунушталсын.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичке милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т. Ормукова тапшырылсын.

**Төрага** — **С. Эркинбек уулу**